Жаштык бул - ЖИГЕР!
# НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg
№01 (231) 2025-жыл, январь
Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

## «КООМДУК САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО» МАГИСТРАТУРАСЫ ЖАҢЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРГӨ ЖОЛ АЧАТ



10-11-бет

## КАЛЕМГЕР



8-бет

## МОБИЛЬНОСТЬ – ВОЗМОЖНОСТЬ



6-7-бет

## БИЛИМ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫК



5-бет

## ИЛИМ ЖАНА АДАМЗАТКА КЫЗМАТ КЫЛГАН ӨМҮР



4-бет

# ТААЛИМ МААНИЛҮҮБҮ ЖЕ ТАРБИЯБЫ?

Урматтуу студент дос, ушул суроо сизди ойлондурду беле? Мектепте берилген, жашоодон алган билимге караганда, үй-бүлөдө берилген тарбия чоң роль ойнойт. Эң негизгиси – таалим менен тарбияны эриш-аркак алып жүрүү керек. Окуу жайдын окутуучуларынан, кээде үлгүлүү бүтүрүүчүлөрүбүздөн тарбиялык маани камтылган улуу кеп уга жүрөлү деген максатта "Улуулардан улуу кеп" аттуу сериябызды сунуштайбыз. Кезектеги сериябыздын коногу  сыймыктуу бүтүрүүчүбүз Нуркыз Кадырбекова.

## АЗЫРКЫ ТАРБИЯ

Тарбия – кайсы доор болбосун, адамдын нравалык сапаттарын калыптандырууга, коомдук социалдашууга жана баалуулуктарды үйрөтүүгө багытталган. Анын негизги максаты ар дайым туруктуу бойдон калганы менен, тарбиялоо процесси коомдогу өзгөрүүлөргө жараша өнүгүп турат. Бир баалуулуктун негизинде эле адамды тарбиялоо мүмкүн эмес, анткени коом ар дайым эволюциялык өзгөрүүдө болот.

Азыркы тарбия мурдагыга салыштырмалуу бир гана үй-бүлө жана чөйрө аркылуу эмес, кеңири факторлордун таасири менен калыптанып жатат. Социалдык тармактар, заманбап маалымат каражаттары жана глобализация адамдын аң-сезимине чоң таасир тийгизүүдө. Бүгүнкү күндө мекенчилдик, үй-бүлөлүк баалуулуктарды сактоо, глобалдашуу шартында өздүгүн жоготпоо, генетикалык тарбия, жоопкерчилик сыяктуу маселелер биринчи орунга чыкты. Бул баалуулуктарды сактоо – коомдун эң башкы көйгөйлөрүнүн бири болуп кала берүүдө.

Андан сырткары, мурдагы тарбия көбүнчө улуулардын насаатгары менен берилсе, азыркы заманда тарбиянын булактары көбөйүп, анын формасы өзгөрдү. Балдарды тарбиялоодо мурункудай эле үй-бүлөнүн ролу чоң болгон менен, мектеп, коом, технологиялар жана социалдык медиа да активдүү катышууда. Мисалы, он жыл мурунку методдор азыркы замандын муктаждыктарын канааттандырбай калууда.

## БИЛИМ ЖАНА КЕСИП

Кесип – адамдын жашоо образынын негизги бөлүгү. Жакшы кесип аркалоо үчүн билим алуу зарыл. Билим адамдын көндүмдөрүн, адаттарын жана баалуулуктарын калыптандырат, ал эми кесип булардын колдонулушун ишке ашырат.

Улуулардын тажрыйбасын үйрөнүү, кесип тандоодо өтө баалуу. Көп жылдык тажрыйба ар дайым бай жана баалуу ресурстарды камтыйт. Мисалы, көп жыл бою педагог болуп иштеген адистердин билим берүүдө чеберчилиги артып, ар бир нерсени жеңил жана так жеткире башташат. Ошол эле учурда, заманбап технологияларды колдонуу менен билим берүү процессин өркүндөтүү – бүгүнкү күндүн негизги талабы.

Азыркы билим берүү системасы мурдагыдан кыйла жеткиликтүү жана заманбап. Онлайн курстар, дуалдык билим берүү системасы жана чет өлкөлүк окуу жайлар менен түзүлгөн өнөктөштүктөр аркылуу билим алуу мүмкүнчүлүктөрү кеңейүүдө. Ошондой эле, интернет аркылуу дүйнөлүк илимдерге жетүү жеңилдеди. Мунун баары жаштар үчүн чоң мүмкүнчүлүк түзөт. Болгону изденүү жана билимди туура пайдалануу маанилүү.

## ЖАШОО ЖАНА ТАЖРЫЙБА

Жашоо – убакытты туура пайдаланууну талап кылган процесстердин жыйындысы. Убакыт – кайтарылгыс ресурс, аны туура пайдалануу ар бир адамдын жашоосуна түздөн-түз таасирин тийгизет. Азыркы заманда убакытты туура бөлүштүрүү үчүн тайм-менеджментти колдонуу зарыл.

Мен убактымды пландаштырууга өзгөчө маани берем. Күнүмдүк же айлык иштеримди алдын ала жазып, ошол жазылган пландарга жараша иш алып барам. Мунун баары жеке жашоомдо жана ишке жетишүүмдө чоң жардам берет. Жаштарга убакытты туура пландаштырууну, анын маанилүүлүгүн түшүнүүнү жана жашоодо ар бир мүнөттү баалаганды үйрөнүүнү сунуштайм.

24/48 концепциясы – бул убакытты максаттуу пайдаланууну үйрөтүүчү принцип. Ар бир адам бул сааттарды өз жашоосунда туура колдонуу менен чоң жетишкендиктерге жетише алат. Өзгөчө жаштарга, илимпоздор, устаттар жана тажрыйбалуу инсандар менен жолугушууларга катышууну, алардын тажрыйбасын үйрөнүүнү сунуш кылам.



## МАДАНИЯТ ЖАНА КООМ

Маданият – улуттун өзгөчөлүгүн жана баалуулуктарын чагылдырган эң негизги факторлордун бири. Адамдын жүрүм-туруму, этикасы жана мамилеси маданият аркылуу калыптанат. Маданияттуулук – ар бир адамдын негизги милдети.

Улуулардын маданиятты сактоодогу ролу чоң. Алардан алган тажрыйба – жаштардын маданиятын өркүндөтүүгө негиз болот. Бирок цивилизациянын өнүгүүсү көбүнчө жаштар аркылуу ишке ашат. Маданият менен цивилизация дайыма кагылышып турганы менен, бул экөөнүн шайкештиги коомдун өнүгүүсүнө түздөн-түз таасирин тийгизет.

Япония, Англия сыяктуу өлкөлөрдүн мисалында маданият менен технологиянын айкалышканын байкоого болот. Бул өлкөлөр өз баалуулуктарын сактоо менен замандын талабына шайкеш жашап жатышат. Биздин жаштар да дал ушундай айкалыштарды түзүүдө улуулардын кеңешин угуп, өз аракетин туура багытта колдонушу зарыл.

Жаштардын маданиятына ишенем жана аларды илимге, устаттардын кеңешин угууга жана адептүүлүккө үндөйм. Себеби маданияттуулук – ар бир коом мүчөсүнүн жогорку жоопкерчилиги.

Жыйынтыктап айтканда, тарбия, билим жана маданият – жашоонун үч негизги түркүгү. Улуулардын тажрыйбасын сактап, аны заманбап жетишкендиктер менен айкалыштыруу - жаштардын милдети. Ар бир адам өзүнүн убактысын, билимин жана жүрүм-турумун туура башкарса, коомдун өнүгүшүнө салым кошо алат.

**Элена Аданова**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# ЭСТЕ КАЛГАН ПРАКТИКА

*Ар бир доор, ар бир курак өзүнчө бир кызыктуу, жаман-жакшы окуялар менен эсте калат эмеспи. Ушундай керемет доордун бири бул студенттик күндөр десек жаңылыштык болбос. Анын ичинде практикадагы учурлар да өзүнө бир канча кызыктуу окуяларды камтыйт. А практика деген эмне? Практика студенттердин илимий-теориялык даярдыгын тереңдетип, практикалык ишке көнүгүүсүн бекемдейт. Анда эмесе студенттердин практикадагы эсте калган окуяларына назар оодаралы.*



## Исламбек Мухаммедали уулу:
## *«Тайпалаштарым менен чогуу өтөгөнүм үчүн абдан кызыктуу болгон»*

Мен, Мухаммедали уулу Исламбек, Учурда ТДТАТ инистутунун Геодезия адистигинин 5- курсунда окуп жатам. Студент болуп университеттин босогосун аттагандан бери көптөгөн кызыктуу, жылмаюу менен эстеген күндөрүм өтүп жатат. Студенттик жылдарым жашоомдогу эң маанилүү күндөрүмдүн сап башында турат. Ал эми ошол эмоцияга толгон күндөрүмдүн ичинен алгачкы жолу практикага чыккан күнүм эстен кетпейт. Биздин адистиктин студенттерди эки түрдүү практика өтөйбүз. Биринчиси, шаардык мекемелердеги, ал эми экинчиси талаа практикасы. Талаа практикасына Чоң-Алай районуна топографиялык съемка кылуу үчүн барганбыз. Деңиз деңгээлинен 3000 метр бийиктиктеги аймактын топографиялык съёмкасын алуу учурунда мекенибиздин жаратылышынын көз жоосун алган кооздугуна дагы бир ирет ынандым. Практикабыздын бул түрүн тайпалаштарым менен чогуу өтөгөнүм үчүн абдан кызыктуу, жагымдуу атмосфера менен өткөн. Ал эми шаардын аймагына чыккан практика үчүн бир аз кыйынчылыктар жаралган. Шаардык архитектура борборун тандап, шаарды жакшы билбегендигим үчүн, кайсыл жерде жайгашканын, кайсы маршруттук каттамдар жүргөнүн билбей, бир топ эле убакытка кечигип бардым. Ал эми ал жактын адистери мени туура түшүнүшкөнү мени азырга чейин кубандырат. Студенттердин практикага чыгуусун маанилүү процесс деп эсептейм. Практиканын натыйжасында кесибиме болгон кызуугу артып, сабактан кийинки учурларда да өз алдымча практика кылууга аракет кылып жаттым.



## Нурсеит Арапов:
## *«Мен билбеген суроо келбесе экен деп тилегем»*

Мен, Арапов Нурсеит. Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун география адистигинде 3-курста окуп жатам. Практикага эки башка тарапка чыккандыктан талаа практикасы оюн-зоок, алган теориялык билимдерибизди бышыктоо менен өтөт. Ал эми кесибим боюнча мугалим болгондуктан экинчи практиканы өтөө үчүн "Билим" лицейине барганмын. Күндөрүм ойдогудай эле өтүп жаткан. Бир күнү окуучулар менен чогуу мамлекеттердин желектерин талкуулаганбыз. Алар менден желектерди сурап башташты. Окуучулардын суроолоруна жооп берип жатып, мен билбеген суроо келбесе экен деп тилегем. Айтканымдай эле акыркы желектин сүрөтүн көрсөтүшкөнкөндө жообун таппай ойлонуп туруп калган учурда сырттан мугалим кирип, мени чакырып калган. Дароо эле сен таап тур, мен азыр келем деп кубанып чыгып кеткем. Ошол учурдан соң мугалим өз кесибинин мыктысы болушу керек экендигин түшүнгөнмүн. Ал эми практикадан кайкан келген соң, мурункуга салыштырмалуу дагы да көбүрөөк билим алууга умтулуп калдым.Азыр да ошол практиканы эстесем, билим алууга болгон дем-күч алам.



## Эрболот Рыскулбеков:
## *«Жаныбар өлүп калбаса экен деп аябай коркконмун»*

Мен, Рыскулбеков Эрболот, Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун ветеринария адистигинин 5-курсунун студентимин. Мен үчүн студенттик жылдарым бул жашоомдун эң унутулгус, тажрыйбага бай, кыял-максаттарга толгон мезгил болуп эсептелет. Айрыкча практика учурунда өткөргөн убактым студенттик доорумдун эң кызыктуу, эстен кеткис бөлүгү болуп калды.

Биринчи жолу практикага Талас облусуна барганмын. Ал жакта польшалык профессорлор менен жолугушуу болгон. Жолугушуу соңунда жаныбарларга жүргүзүлгөн операция үчүн ар кайсы университеттен келген студенттердин арасынан мени тандап алышкан. Чындыгында, польшалык профессорлор менен чогуу операцияга катышам деп ойлогон эмесмин. Андан кийин эле студенттер арасында конкурс уюштурулуп, алдыга озуп чыккандыгым үчүн өткөрүлүүчү операцияга ассистент кылып дайындашкан. Ал жерде биринчи жолу болгондугума байланыштуу жаныбар өлүп калбаса экен деп аябай коркконмун. Тескерисинче, операция ийгиликтүү аяктап, хирургиялык аспаптардын топтомун белекке беришкен. Ал эми өзүм биринчи жолу итке операция жасаганмын. Бирок эмоция, коркуу сезимдеримди болушунча жашырып, иш-аракетимди так аткарууга аракет кылгам. Ушул эки операциядан кийин өзүмө болгон ишенbackимим жогорулаган.

Жаныбарлар мен үчүн маанилүү, аларга аябай кылдаттык менен мамиле жасап, дарылоону жүргүзөмүн. Анткени алардын ден соолугу биздин колубузда. Жаныбарларга жардам берип, эл менен иштешүү - мен үчүн чоң жетишкендик!

**Таттыбүбү Гуламова**

# ИЛИМ ЖАНА АДАМЗАТКА КЫЗМАТ КЫЛГАН ӨМҮР

Илимдин өнүгүшүндө жасаган эмгектери менен ысымын ташка тамга жазгандай калтырып кеткен инсандар арбын. Алардын сап башында Мария Кюри турат деп айтсак жаңылышпайбыз. Мария турмушундагы татаал сыноолорго карабай, өзүнүн акылмандыгы, өжөрлүгү, эрктүүлүгү менен замандаштары арасында революциялык жаңылыктарды жаратып, адамзаттын өнүгүшүнө эбегейсиз чоң салым кошкон. Анын илимдеги ишмердүүлүгү, билимге, жаңы ачылыштарга болгон чексиз сүйүүсү студент досторго үлгү болот деген ойдобуз.





Мария Кюри ( толук ысымы Мария Складовская-Кюри) дүйнөлүк илимдин тарыхындагы көрүнүктүү айым. Поляк улутунун сыймыктуу кызы. «Нобель» сыйлыгын эки жолку лауреты. Илимге алгачкылардан болуп «радиоактивдүүлүк» терминин киргизген, Д.И.Менделеевдин мезгилдик системасындагы эки радиоактивдүү элементти изилдеген инсан.

Мария 1867-жылы 7-ноябрда Польша өлкөсүндө мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Болочок окумуштуу бала кезинен эле билим алууга дилгир болуп, окууну да ийгиликтүү аяктаган. Ал учурда өлкөсүндө кыз-келиндерге билим алууга мүмкүн болбогондуктан, Париждеги Сарбонно университетинде математика, физика, химия боюнча билим алган.

## Жетишкендиктери жана үй-бүлөсү

Илимпоз окуу жайда окуп жүргөндө өзүнүн талыкпас эмгеги жана билимге болгон умтулуусу менен өзгөчөлөнүп турган. Пьер Кюри өмүрлүк жолдошу гана болбостон, илимий изилдөө иштеринде да мыкты өнөктөш болгон. Экөө биргелешип радиоактивдүүлүктү изилдешип, эки жаңы химиялык элементти 1898- жылы ойлоп табышкан. Элементтердин бирини Польшанын урматына “Полоний” деп аташкан. Экинчиси Радий.

## Тарых жараткан инсан

Мария Кюри “Нобель”сыйлыгына эки жолу эки башка илимдин тармагында ээ болгон жалгыз аял.

1903-жылы жолдошу жана Анри Беккерель менен биргеликте физика боюнча

1911-жылы химиядагы жаңы ачылыштар үчүн ( полоний жана радий элементтерин ачып, касиеттерин изилдеген ).

Андан сырткары Франциядагы доктордук даражага ээ болгон, Сарбонна университетинде билим берген алгачкы айым болгон.

Мария Кюринин өмүрү –эрктүүлүк, аракетчилдиктин, өжөрлүк менен билимге болгон сүйүүнүн символу . Анын илимге кошкон салымы азыркы учурга чейин окумуштууларга, билим алууга умтулган кыз-келиндерге дем-күч берип келет.

Мариянын изилдөөлөрү бүгүнкү күнгө чейин чоң мааниге ээ.

- Радиоактивдүүлүк түшүнүгүн ачкан жана терең изилдеген.
- Медицинада, айрыкча рак ооруусуна каршы терапияны өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн.
- Аялдардын илимдеги ролун бекемдеп, көптөгөн аялдарга билимге, илимий изилдөөлөргө умтулуу үчүн үлгү болгон .

Андан сырткары окумуштуунун ысымы университеттерге, лабороторияларга, илимий изилдөө борборлоруна ыйгарылган. Бул борборлор дүйнө жүзү боюнча алдыңкы орунда.

Окумуштуунун урматына бир химиялык элемент- кюрий аталган.

Складовскаянын циталары:

- Мага прогресстин жолу эч качан оңой же жөнөкөй эмес деп үйрөтүштү.
- Адамдарга азыраак, идеаларга көбүрөөк кызыкдар болуңуз.
- Илимде адамдарга эмес, нерселерге кызыкдар болушубуз керек.
- Ийгиликтин сыры- сабырдуулукта.
- Мен илимди улуу сулуулук деп атаган инсандардын биримин.
- Эмне жасалганын эч ким байкабай, баары аткарыла турганын гана байкайт.
- Өмүр бою жаратылыштын жаңы кереметтери мени жаш баладай кубантты.
- Жашоодогу эң негизги нерсе- бул адамдардан жана окуялардан эч качан чөкпөө.
- Жашоодо корко турган эч нерсе жок, бир гана нерсени түшүнүү керек.
- Илим адамзаттын турмушун жеңилдетет жана анын азап-тозокторун азайтуучу бардык прогресстин негизи болуп саналат.

Мария өзүнүн тагдыры жана жетишкендиктери менен илимге берилгендик чоң тоскоолдуктарды жеңүүгө мүмкүн экендигин далилдеди.

Кюри бир гана окумуштуу болбостон, мыкты колукту, мээримдүү апа болуп, кыздарына да татыктуу тарбия берген.Ал "Дүйнөлук илим, билимге салым коштум, химиялык элеметтерди ачканым бир тең болду, ал эми кыздарыма эне тили, поляк тилин, үйрөткөнүм бир тең болду", - деп баса белгилеген. Анын улуу кызы да ата-энесинин жолун улап “Нобель” сыйлыгына татыктуу болгон. Экинчи кызы ата-энесинин өмүр баяны, илимий иштери боюнча китеп жазып чыгарган.

**Таттыбүбү Гуламова**

# БИЛИМ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫК

Качандыр бир мезгилде адамдын бардык жумушун робот аткарып каларына шек санабай койсок да болот. Бирок робот аткара алгыс жумуш - чыгармачылык экени талашсыз. “Көздүү мончок жерде калбайт” дегендей таланттуу инсандар ар дайым башкалардан айырмаланып, жүрүм-туруму, сүйлөгөн сөзү, ой жүгүртүүсү менен өзгөчөлөнүп турушат. Алардын арасында өз кесибин үйрөнүү менен биргеликте комуз чертүүнү дагы өздөштүрүп келе жаткан Индустриялдык-педагогикалык колледжинин студенти Тойчуева Жазгүл да бар. Чыгармачыл досубуз менен жакындан таанышып келдик. Сиз да ортоктош болуңуз, окурманым!



***— Саламатсызбы, Жазгүл? Өзүңүз тууралуу кыскача тааныштыра кетсеңиз.***

— Саламатсыздарбы! Мен, Тойчуева Жазгүл, ОшМУнун Индустриялдык-педагогикалык колледжинде педагогика багытында билим алып жатам. Учурда 3-курсмун. Окуум менен катар маданий иш-чараларга да активдүү катышып, чыгармачылыкка өзгөчө кызыгуудамын. Бош убактымда китеп окуп, музыка менен алектенем. Келечекте билим берүү тармагында өз салымымды кошуп, жаш муундардын татыктуу тарбия жана билим алуусуна жардам берүүнү максат кылам.

***— Кесибиңизди өздөштүрүүдөн сырткары комуз чертет экенсиз, билим алууңузга тоскоол жаратпайбы?***

— Комуз чертүү менин билим алуума тоскоолдук жаратпайт, тескерисинче, чыгармачылык өнөрүм окуумду толуктап, жан дүйнөмдү байытып турат десем да болот. Ошондой эле, комуз кыргыз маданиятынын ажырагыс бөлүгү болгондуктан, аны үйрөнүү менен улуттук мурастарыбызды даңазалап, руханий дүйнөмдү өркүндөтөм. Комузду 5-классымдан баштап үйрөнүп келем. Студент болгонумда да бул өнөрүмдү өркүндөтүү үчүн кошумча сабактарга катышып, чеберчилигимди жогорулаттым. Алдыда көптөгөн кыялдарым бар, аларга жетүү үчүн бүгүнкү күндө болгон күчүмдү жумшап, ар тараптан изденип жатам десем жаңылышпайм. Мектепте окуп жүргөн кезде комуз чертүү боюнча ар кандай сынактарга катышып, сахнага чыгып, жетишкендиктерим болду. Жаштайымдан эле сахнага тартынбай чыгууну аракет кылып келе жатам.

***— Үй-бүлөңүздө сизден башка комуз черткен же чыгармачылыкка жакын адамдар барбы?***

— Тилекке каршы, үй-бүлөмдө чыгармачылыкка кызыккан адам жок. Бирок мен комуз чертип баштагандан кийин, үйдөгүлөр да колдоп калышты. Балалык кезимде комузчу болом деп башка кесипти ойлогон эмес болчумун.Убакыт өтүп, кесип тандоого келгенде оюм өзгөрдү.

***— Педагогика жаатына кантип тапшырып калдыңыз, өзүңүздө кызыгуу жаралганбы?***

— Ооба, педагогика жаатына тапшыруу чечимимде өзүмдүн кызыгуум чоң роль ойноду. Педагог кесиби келечеги кең жана коом үчүн маанилүү деп эсептейм. Мындан сырткары, апам өзү педагог болгондуктан, анын жолун жолдоп, билим берүү тармагында өз салымымды кошууну каалаадым.

***— Чөйрөңүздө да окуудан сырткары чыгармачылыкка аралашып жүргөн инсандар барбы?***

— Ооба, үзөңгүлөштөрүм бар. Алар менен биргеликте чыгармачылык идеяларды бөлүшүп, бири-бирибизди шыктандырып турабыз. Адам үчүн чөйрө баарынан маанилүү болуп саналат экен.

***— Азыркы учурда канча күү черте аласыз?***

—Чоң күүлөрдөн төрттү, ал эми кичинекей күүлөрдөн он бешке жакын черте алам. Менин өзгөчөлүгүм – комузду сол кол менен ойногонумда. Башында муну көпчүлүк түшүнбөй, тамашага салып: “Комуз кулактары үстүндө туруш керек эле, сеники ылдыйда турат экен” деп шылдыңдашчу. Бирок мен алардын сөздөрүнө көңүл бурбадым. Азыр баарысы ал көрүнүшкө көнүп калышты.

***— Комуздан сырткары дагы кайсыл аспапты ойногуңуз келет?***

— Комуздан сырткары гитара жана пианинодо ойногум келет. Бул аспаптардын өзгөчө үндөрү ар дайым мага дем берет жана чыгармачылыгымды өнүктүрүүгө шыктандырат. Көгүлтүр экрандан ар дайым аспапта ойногон талантуу инсандарды калтырбай көрүп турам.

***— Бош убактымда китеп окуйм деп айтып калдыңыз. Көбүнчө кандай китептерге басым жасайсыз?***

— Бош убактымда көбүнчө диний китептерге, тарбия берүүчү жана өнүктүрүүчү китептерге басым жасайм. Анткени булар руханий жана жеке өсүүгө чоң жардам берет. Китеп ар кайсыл учурда досум, сырдашым, жакыным болуп бере алат. Капаланганда, эс алууну каалаганда сөзсүз китеп окууга ашыгып турам.

***— Маегиңиз үчүн ыраазычылык билдиребиз, Жазгүл! Талантыңыз ташкындап, өнөрүңүздө эч качан чек болбосун!***

— Сиздерге да чоң рахмат! Мага көңүл бөлүп, жылуу каалоолоруңузду айтып жатканыңыздар мени абдан кубандырды. Талантты баалап, колдоп турган адамдардын бар экендиги мени жаңы бийиктиктерди багынтууга шыктандырат. Мен да сиздерге ийгилик, жаңы идеялар жана чыгармачылык дем каалайм! Баарыңыздарга терең ыраазычылык билдирем!

*Ийгилик жаратуунун бир гана жолу — бул аракет. Эки тизгин, бир чылбырды башкарган таланттуулар сейрек кездешчү көрүнүш. Өзүңүздү жакшылап изилдеп көрсөңүз сиз дагы бир талантын ээси болуп чыгасыз.*

**Айганыш Нурлан кызы**

# МОБИЛЬНОСТЬ - ВОЗМОЖНОСТЬ

Меня зовут Абдрахманова Сыргагул. Я учусь в Ошском государственном университете в Институте экономики, бизнеса и менеджмента по специальности «социальная работа». Сегодня я хочу поделиться своим опытом участия в программе академической мобильности, благодаря которой я провела семестр в одном из самых престижных вузов России – Санкт-Петербургском государственном университете (СПбГУ).



Хочется отметить, что СПбГУ является одним из ведущих образовательных учреждений не только в России, но и в мире, имеющий трёхсот летнюю историю.

Из двух мест, предоставленных ОшГУ, одно-досталось мне. Я всегда старалась быть активной в общественной жизни вуза. Я была старостой своей группы, СР(б)-1-23, входила в структуру «Акыйкатчы Аппараты», Студенческий совет факультета, занималась волонтёрством в таких организациях, как Красный Полумесяц и Департамент пробации Министерства юстиции Кыргызской Республики. Также я принимала активное участие в деятельности общественного фонда «Международная образовательная ассоциация дебатов в Центральной Азии» и была членом волонтерского клуба «Социум».

В рамках международного турнира, организованного IDEA Central Asia, и конференции «Инклюзивная культура» в ОшГУ, где обсуждалось социально-правовое состояние людей с инвалидностью в Кыргызстане, я представила доклад на тему возможностей и ограничений в образовании детей с инвалидностью и заняла второе место. Впоследствии, 15 июня 2024 года, я стала участником общереспубликанской викторины среди призёров научно-практических конференций в вузах страны. Эта инициатива была организована Фондом «Оказание юридической помощи инвалидам» при Кабинете министров Кыргызской Республики совместно с программным офисом ОБСЕ в Бишкеке и проектом «InKoom - Содействие развитию справедливого и инклюзивного общества в Кыргызстане», поддерживаемым Европейским союзом.

Все эти достижения помогли мне получить одобрение на участие в программе академической мобильности. И вот я оказалась в Санкт-Петербурге!

Санкт-Петербургский государственный



университет встретил меня тепло и радушно. Программа «Бадди» обеспечила мне сопровождение с самого аэропорта до общежития, помогая с оформлением документов и адаптацией. Я считаю, что такая система должна существовать и в нашем университете, чтобы иностранные студенты чувствовали себя комфортно и уверенно.

Меня поселили в общежитие для иностранных студентов, где я встретила ребят из разных стран мира. Это дало мне отличную возможность улучшить свои языковые навыки и завести новые знакомства. На факультете ко мне тоже отнеслись с пониманием и предоставили возможность выступить перед аудиторией с рассказом о моем родном университете. Студенты остались довольны моим выступлением, и это придало мне уверенности.

Что касается учебного процесса, то в СПбГУ учебный план включает такие дисциплины, как учебная практика (научно-исследовательская работа) и учебная практика (клиническая) деятельность социальных служб по активизации личностного потенциала клиентов, самостоятельная работа при присутствии преподавателя. Это существенно отличается от того, что мы имеем в ОшГУ, и позволяет глубже погрузиться в профессию.

Этот город поразил меня своей красотой, историей и культурным наследием. Прогулки по Невскому проспекту, посещение Эрмитажа и других музеев стали неотъемлемой частью моего опыта.

После прибытия в Петербург я сразу включилась в общественную жизнь университета. Участвовала в молодежной




(продолжение на следующей странице)

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg




патриотической акции «Одним дыханием с Ленинградом», посвященной подвигу жителей города во время Великой Отечественной войны. Также была волонтером на XIX Смотре-конкурсе профессионального мастерства «Лучший по профессии», где познакомилась с делегацией из Кыргызстана.

Продолжала заниматься дебатами, вступив в дебатный клуб СПбГУ. Но самым важным событием стало моё участие во II Всероссийской студенческой научно-практической конференции «Первая ступень в науку», проходившей с 11 по 15 ноября в Финансовом университете при правительстве РФ в Санкт-Петербурге. Здесь я заняла второе место и моя презентация вызвала большой интерес у слушателей и экспертов. После моего выступления многие студенты выразили желание приехать в ОшГУ по программе академической мобильности, что меня особенно вдохновило.

Вскоре после конференции от ректората СПбГУ пригласили меня принять участие в международной научно-практической конференции, посвящённой 100-летию образования Кара-Кыргызской автономной области и 140-летию первого руководителя современной кыргызской государственности Иманалы Айдарбекова. Конференция состоялась 29 ноября 2024 года в Таврическом дворце. Там я познакомилась с множеством интересных людей, включая студентов и курсантов из Кыргызстана, обучающихся в Петербурге. Этот опыт дал мне множество новых знаний и идей.

После конференции я была приглашена на церемонию памяти великого писателя Чынгыза Айтматова, организованную Союзом семи областей Кыргызстана. Эти события показали мне, насколько важно оставаться активным и открытым новому опыту.



Мой главный вывод заключается в том, что академическая мобильность открывает невероятные перспективы и я настоятельно рекомендую всем студентам использовать эти возможности. Не тратьте время зря! Учите языки, выходите из зоны комфорта, подавайте на программы обмена. Верьте в себя и используйте каждую возможность, которую предоставляет вам жизнь.

Хочу воспользоваться моментом и выразить благодарность своим родителям, а также своей научной руководительнице Токторбековой Нурзыйнат Асаналыевне и куратору нашей группы Азизовой Дилбаре Шакировне за их постоянную поддержку. Они всегда были рядом, помогали мне морально и психологически, консультировали по всем вопросам. Также хочу отметить, что пребывание в другом городе вовсе не означает, что вы остаетесь вне информационного поля или лишены возможности участвовать в мероприятиях и конкурсах в Кыргызстане. Например, находясь в Санкт-Петербурге, я участвовала в конкурсе «Лучший студент Кыргызстана» и в конкурсе эссе на тему «Что для меня значит быть кыргызстанской», который проводил общественный фонд IDEA Central Asia. К моему удивлению, я стала победительницей этих конкурсов. Всё зависит от вашей целеустремленности и готовности трудиться над собой.






И наконец, хотелось бы сказать, что мою поездку в СПбГУ вдохновила наша почётная выпускница Жолдубаева Сайкал. Она ранее уже проходила программу академической мобильности в этом университете и поделилась со мной своим впечатляющим отчётом о пребывании там, а также дала ценные советы. Её поддержка сыграла важную роль в принятии мною решения отправиться в этот замечательный город. Безмерно ей благодарна.












**Майрам Шарип кызы**

# КАЛЕМГЕР

Ар бир адамда табиятынан берилген талант болот эмеспи. Ал талантты өркүндөтүп кетиш өз колубузда. Биздин студенттер да кайсыл тармак болбосун өзүн-өзү өнүктүрүүнүн үстүндө жан үрөп иштеп жатышат. Алардын арасында ыр жазган досторубуз да бар. Мына ушул досторубузду коомчулукка тааныштыруу максатында “Калемгер” аттуу рубрикабызды сунуштайбыз. Анда эмесе жаш досубуздун дүйнөсүнө сүңгүйлү.




***

Жан дүйнөмдүн жарымы аң, жарым нур,
Жарымы ыр, жарымы бош жаңырык...
Жартысында жашоо гүлдөп, көктөм бар,
А калганы “өлүктөрдүн” кабыры...

Карегинде деңиз чалкып, таң аткан,
Жомогундай жарык, аруу өмүрү.
Жүрөгүмдүн бир четинде баягы-ы,
Мен жоготкон наристе кыз көмүлүү.

Асман ага алдей айтып, Ай күлүп,
Анын көзүн өөп өткөн ак жамгыр.
Качанкы бир ханбийке да ушул күн,
Бөбөк менен жакын жерде жаткандыр.

Ар адамды алпештеген, аяган,
Ишеничи тоодон бийик, кардан ак.
Бир жакшы дос, мыкты сырдаш, маектеш,
Орду да жок. Кимдер көрдү? Кайда ал?...

Кыялдары кыйыры жок талаадай,
Кадам таштап талыкпаган жеңишке.
Бир “баатыр кыз” жатат дагы, тигине,
Ысыгы али муздай элек бейитте...

Мен ким болдум? Муздак, мерез, кайдыгер,
Кайда мени жетелеген жол оттуу?
Кайсы күнү бардыгынан алыстап,
Кайсы күнү мен өзүмдү жоготтум?

Мезгил эмес, адам эмес, башка эмес,
Өзүмдү-өзүм жетеледим жарга, чын.
Оо Жараткан, эң акыркы таяныч,
Төрөлө элек акын өлүп калбасын?!

Оо, Жараткан, ичимдеги бир жарык,
Жашай элек акын өлүп калбасын...

***

Өзгөрдү деп эрке кызым бир сырдуу,
Кетирбегин ата улам тынчынды.
Бүгүн өткөн бала күндөй бежиреп,
Айтып бергим келип турат бир сырды.

Тилеп мага жолдорумдун актыгын,
Тууруна консо дейсиң жакшынын.
Көк мейкинден атын угуп талпынган,
Мен сүйүү деп кабыл алдым бактыны.

Бир адам бар... аруу шоола, ак жарык,
Көңүлүмдү көкөлөткөн бак салып.
Ал келгени бүт дүйнөбүз мемиреп,
Келечекти чогуу көрө баштадык.

Ооруткanda жөнсүз кайгы, бук жанды,
Андагы арзуу асырады, куткарды.
Кубанычты, кайгымды да түшүнүп,
Жакшы көрөт ырларымды уккандьы.


Бекем азыр мендеги үмүт, ишеним,
Болочокто андан көптү күтөмүн.
Тагдырынын таңы сымал тамылжып,
Келет дагы кемчилигин бүтөгүм.

Кеп салса эгер өткөн күндөн, кийинден,
Пейилинин тазалыгы билинген.
Бир мырзага таандык болгон марттыкты,
Адалдыкты бүт боюна сиңирген.

Мага маалым, максатыңды туямын,
Менин дагы сендей болчу кыялым.
Батаңды алып, жакшы адамым түптөгөн,
Керегеси болдум ушул уянын.



*Жан дүйнөнүн сырын келген билгиси,*
*Бир акында жашайт экен миң киши.*
*Акын деген ай ааламдын жарчысы,*
*Акын деген адамдыктын үлгүсү...*



## Мээрим Эркинбек кызы

Эркинбек кызы Мээрим, 2004-жылы 23-февралда Жалал-Абад облусунун Аксы районуна караштуу Кош-Дөбө айылында төрөлгөн. 2011- жылы Темиркул Мавлянов атындагы 11- мектептин 1- классынын босогосун аттап, 2022- жылы аталган мектепти ийгиликтүү аяктаган. Учурда ОшМУнун Филология жана маданият аралык байланыштар институтунун 3- курсунун студенти.

***

Ырдасам, ырысыма ыр жетпеген,
Ызамды алыстаткан бир кеп менен.
Качандыр бир кеменгер келет мага,
Кирпигимдин учун да кирдетпеген.

Келет мага, нур болуп күтүлбөгөн,
Кемтигимди кетирип, бүтүндөгөн.
Көңүлүмдү мындай кой, көкөлөтүп,
Көлөкөмдү төмөнгө түшүрбөгөн.

Добушунан делөөрүп, жан жыргаган,
Кур намыска боюн эч алдырбаган.
Ишенимди бек сактап, дилим түгүл,
Жоолугумдун байламын жандырбаган.

Бейчекиде бирөөгө сыр ачпаган,
Бийик тутуп, эки өмүр кубаттаган.
Адамдыктын милдетин сезип, мени,
Аялдыктын тагынан кулатпаган.

**С. Маматкары уулу**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg



# ЖЫЛАН ЖЫЛЫ ЖӨНҮНДӨ ЭМНЕЛЕРДИ БИЛЕСИЗ?

Жылан – көптөгөн маданияттарда сырдуулуктун, акылмандыктын жана күчтүн символу. Чыгыш календары боюнча жылан жылы өзгөчө мааниге ээ болуп, ар бир циклде уникалдуу өзгөчөлүктөрдү алып келет. Бул макалада жылан жылынын тарыхына, жыл санактагы ордуна, жылан жылында төрөлгөн адамдардын мүнөзүнө жана жыланга байланыштуу элдик уламыштарга кеңири токтолобуз.

## Жыл санактын тарыхы

Чыгыш календарынын тарыхы миңдеген жылдарга барып такалат. Бул календарь байыркы Кытайда пайда болуп, андан ары Жибек жолу аркылуу Борбордук Азияга жайылган. 12 жылдык циклди түзүү идеясын кытайлар табияттагы циклдерден жана айдын кыймылынан байкашкан. Жаныбарлардын тизмеги тууралуу уламыштар да бар.

Кыргыздар жыл санакты күнүмдүк жашоодо гана эмес, маанилүү окуяларды белгилөөдө да колдонушкан. Байыркы кыргыз тарыхында жылан жылы табигый кырсыктарга, согуштарга жана экономикалык өзгөрүүлөргө туш келгени айтылат. Ошол эле учурда, бул жыл жаңылануунун жана ийгиликтердин жылы катары да белгилүү болгон.

## Бул жылда туулгандар

Жылан жылы төрөлгөн адамдар Чыгыш астрологиясында кыраакылыгы жана чечкиндүүлүгү менен айырмаланат. Алар ар бир кадамын ойлонуп жасаган прагматиктер. Бул адамдар терең ой жүгүртүп, сезимдерин башкара билүү жөндөмүнө ээ.

**Башкы мүнөздөрү:**

1. Токтоо жана акылдуу. Жылан жылында төрөлгөндөр көйгөйлөрдү сабырдуулук менен чечет.
2. Терең акыл жана чыгармачылык. Алар искусстводо жана илимде ийгиликтерге жетишет.
3. Сырдуулук жана туюмдуулук. Башкалардын оюн оңой эле түшүнүп, ошого жараша аракеттенишет.

Туулган жылыңыздагы элементтердин таасири:

Чыгыш астрологиясында жылан жылы беш элементке (от, суу, жер, металл, жыгач) жараша мүнөздөрдү алып келет:

- Суу жыланы (1953, 2013): Кыялкеч, сезимтал жана чыгармачыл.
- Жер жыланы (1989): Практикалык жана ишенимдүү.
- От жыланы (1977):

2025-жылы чыгыш жылдыз төлгөсүндө Жашыл жыгач жылан жылы болуп саналат. Бул акылман жандыктын белгиси астында бир жыл чоң көңүл калууларга коркунуч жаратпайт, анткени анын жашыл түсү гармонияны жана тынчтык мезгилин билдирет. Ал эми жаныбардын өзү катуу кыймылга караганда, тынчыганды жактырат.

Бул жылы адамдын "ян" күч алып, ички күчү күчтүү инсандарды алдыга чыгарат. Булар дүйнөнү өзгөртө ала турган саясатчылар, бизнесмендер, партиялардын, мамлекеттердин жетекчилери, маданият же илим ишмерлери чыга келет.

Ынтымактуу, сылык-сыпаа, баарлашууга жөндөмдүү, алар мыкты мамилелерди куруп, пайдалуу байланыштарды түзүшөт. Мындай адамдар уюшкан, өздөрүнө жана башкаларга талапты коюшат, ошондуктан алар алдыга максат коюуну жана ага чыр-чатаксыз же талаш-тартышсыз жетүүнү билишет. Дүйнөдө боло турган окуялар дал ушул акылман инсандардын иш-аракеттерине жараша болот.

2025-жылы Жылан адамдар менен мамлекеттердин ортосундагы мыйзамсыздык, согуштар, талаш-тартыштар жана кагылышуулардын азайышын убада кылат. Көптөгөн адамдардын жашоосун жакшырта турган маанилүү илимий ачылыштар жасалат.

## Жыландын символикасы медицинада

Жылан дүйнө жүзү боюнча медицина жана дарыгерлик ишинин символу болуп эсептелет. Бул символдун тарыхы байыркы грек мифологиясына барып такалат.

## Асклепийдин таягы

Медицинанын логотипинде сүрөттөлгөн жылан таякка оролгон түрдө көрсөтүлөт. Бул символ байыркы грек мифологиясындагы дарыгерлик жана айыктыруу кудайы Асклепийге байланыштуу. Асклепий таягы – медицина жана ден соолуктун символу. Жылан бул жерде өзгөчө маанини берет:

- Жылан терисин жаңыртууга жөндөмдүү болгондуктан, ал кайра жаралуу жана айыгуу процессин түшүндүрөт.
- Жылан табияттагы уулуу, бирок ошол эле учурда дары катары колдонулуп, туура пайдаланылганда пайда алып келерин символдоштурат.

## Гермес таягы

Айрым учурларда медицина менен байланышкан логотиптерде эки жылан таякка оролуп, анын үстүндө канаттар жайгашкан. Бул – Гермес таягы (кадуцей). Бирок бул символ соода жана коммуникацияны түшүндүрсө да, медицинада катачылык менен колдонулуп калган учурлар да бар.

1. Жылан көптөгөн маданияттарда дарылык касиеттерге байланыштуу жандык катары белгилүү.
2. Байыркы Египетте жана Индияда жыландын уусу айрым ооруларды дарылоо үчүн колдонулган.
3. Кыргыз элинин элдик медицинасында да жыландын тери же башка бөлүктөрү дары катары колдонулган учурлар болгон.

Бүгүнкү күндө дүйнөнүн көптөгөн саламаттыкты сактоо уюмдары, дарыгерлердин ассоциациялары жана фармацевтикалык компаниялар өздөрүнүн логотиптеринде жылан символун колдонушат. Бул алардын адамдын ден соолугун коргоо жана дарылоодогу милдетин көрсөтөт.




Гүлзар Максытали кызы

# «КООМДУК САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО» МАГИСТРАТУРАСЫ ЖАҢЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРГӨ ЖОЛ АЧАТ

Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медициналык факультети 2018-жылдан баштап «Коомдук саламаттыкты сактоо» тармагында магистратура программасы профессор Роман Калматов тарабынан ишке киргизилген. Бул программа өзгөчө Борбор Азия өлкөлөрүнүн студентteri үчүн, заманбап билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн сунуштап, саламаттыкты сактоо, билим берүү тармагында, ошондой эле айлана-чөйрөнү жана эмгек гигиенасын изилдөөдө алдынкы изилдөө ыкмаларын үйрөтөт.

## АЛГАЧКЫЛАРДАН БОЛУП ӨЛКӨБҮЗДӨ АЧЫЛГАН ПРОГРАММА БОЛУП ЭСЕПТЕЛЕТ




Коомдук саламаттыкты сактоо магистратурасы эл аралык деңгээлде таанылган билим берүү методологиялары жана окуу планын негизге алып, коомдук саламаттыкты сактоо жаатында терең теориялык жана практикалык билим берет. Магистрлер жашоо сапатын жакшыртуу, профилактикалык медицина, коомдук саламаттыкты сактоо жана инфекцияларды алдын алуу сыяктуу маанилүү темалар боюнча билим алат. Ошондой эле, магистратуранын бүтүрүүчүлөрү коомдук саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө жогорку деңгээлде илимий-изилдөө жана педагогикалык ишмердүүлүктөрдү жүргүзүүгө даяр болушат.

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК

Программа «ERASMUS +» жана «TUTORIAL» долбоорлору аркылуу эл аралык деңгээлде таанылган. Ошондой эле, коомдук саламаттыкты сактоо багытына байланыштуу жаңы инновациялык жана педагогикалык ыкмаларды үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Бул, өз кезегинде, магистранттардын илимий-педагогикалык









жана илимий-изилдөө иштерин жогорулатууга жардам берет. Программанын алкагында магистранттар илимий-изилдөө иштерин Англия, Литва, Германия, Эстония, Казакстан, Өзбекстан өлкөлөрүндө тажрыйба алып келүү мүмкүнчүлүктөрү каралган.

## БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН КЕЛЕЧЕГИ

«Коомдук саламаттыкты сактоо» магистратурасын аяктаган студенттер көптөгөн ар кандай коомдук жана мамлекеттик мекемелерде иштөө мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушат. Алар саламаттыкты сактоо тармагындагы адистик кызматтарда, изилдөө институттарында



жана коомдук саламаттыкты сактоо боюнча мамлекеттик жана эл аралык уюмдарда жетекчилик кызматтарды аркалай алышат. Бул программа билим алуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүп, айрыкча коомдук саламаттыкты сактоо тармагындагы адистерди даярдоодо чоң роль ойнойт.

(Уландысы кийинки бетте)

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg



# МАГИСТРАТУРАНЫН КООМДОГУ РОЛУ

Магистратура — бул жогорку билимдин кийинки деңгээли болуп, адистерди терең теориялык жана практикалык билимдер менен даярдоого багытталган. Бул билим берүү деңгээли коомдогу маанилүү маселелерди чечүүдө чоң роль ойнойт, анткени магистранттар өзүнчө тармактарда жогорку квалификацияга ээ болуп, жаңы билим жана технологиялар менен коомдун өнүгүшүнө салым кошо алышат.

**1. Жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо**

Магистратура программалары коомдун ар кандай тармактарында адистерди даярдоодо маанилүү роль ойноп, алардын билим деңгээлин жогорулатат. Бул адистер коомдук көйгөйлөрдү изилдөө, чечүү жана жаңы жолдорду сунуштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Мисалы, коомдук саламаттыкты сактоо, экология, билим берүү сыяктуу тармактарда илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, ишмердүүлүгүндө элге пайда келтире турган жаңы идеяларды ишке ашырып келүүдө.

**2. Илимий-изилдөө жана инновациялар**

Магистратура окуу процессинде илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө чоң басым жасалат. Бул изилдөөлөр коомдук, экономикалык, медициналык жана башка маанилүү тармактардагы көйгөйлөрдү терең түшүнүүгө жана аларды чечүүнүн жолдорун табууга жардам берет. Магистранттар өздөрүнүн илимий-изилдөө иштеринде жаңы концепциялар, ыкмалар жана технологияларды иштеп чыгышат, бул болсо коомдун өнүгүшүнө таасир этет.

**3. Социалдык жоопкерчилик жана лидерлик**

Магистратура билим берүү процесси магитранттарды коомдук жана социалдык жоопкерчиликти түшүнүүгө үйрөтөт. Магистратураны аяктаган адамдар көп учурда коомдук, мамлекеттик жана эл аралык уюмдарда лидерлик позицияларда иштешет. Алар бул кызматтарда коомдун бардык катмарларынын кызыкчылыгын эске алып, маанилүү чечимдерди кабыл алышат.

**4. Коомдук проблемаларды чечүүдө жетекчилик**

Магистратуранын бүтүрүүчүлөрү коомдогу көйгөйлөргө жана талаптарга жооп берүү үчүн керектүү билим жана көндүмдөргө ээ болушат. Алар коомдук саламаттыкты сактоо, билим берүү, экономика жана башка тармактарда жаңы чечимдерди сунуштап, таасирдүү өзгөрүүлөрдү алып келе алышат.



**5. Коомдун акыл-эсин өнүктүрүү**

Магистратуранын программалары билим берүү сапатын жогорулатып, коомдун интеллектуалдык потенциалын арттырат. Ал жогорку билимдүү жана аналитикалык ой жүгүртүүгө жөндөмдүү адамдарды даярдайт, бул болсо коомдук прогресстин жана инновациянын негизи болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, магистратуранын коомдогу ролу чоң жана көп кырдуу. Ал жогорку билимдүү, квалификациялуу адистерди даярдап, коомдун өнүгүшүнө чоң салым кошот. Магистратура бул процессти ылдамдатууга жана жаңы деңгээлге алып барууга жардам берет, ошол эле учурда коомдогу маанилүү көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган иш-чаралардын ишке ашырылышына шарт түзөт.

# ПОК МАГИСТРАТУРА ЖААТЫНДА ИШ АЛЫП БАРУУСУ

Профессордук курам эл аралык медицина факультетинин жамааты тарабынан алып барылат. Учурда 12 илимдин кандидаты, профессорлору магистранттарга сабак берип жатат. ПОК магистратура бөлүмүндө билим берүү процессинин бардык этаптарына активдүү катышып, магистранттардын билим сапатын, илимий потенциалын жана практикалык көндүмдөрүн жогорулатууга жардам берет. Алар магистранттарды илимий изилдөөлөргө, профессионалдык ишмердүүлүккө жана глобалдык билим чөйрөсүнө даярдайт. Профессорлордун өз алдынча, академиялык жана илимий ишмердүүлүктөрү магистратура программасынын ийгилигине жана анын коомго таасирине түздөн-түз таасир этет.







**Даярдаган: Абдимомунова Б.Т. Эгамбердиева Г.С.**

# ЖАҢЫ СӨЗДӨР – ЖАҢЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРДҮН АЧКЫЧЫ

Неологизм – бул тилге жаңы кирген сөздөр. Алар илимдин, технологиянын, коомдук жана маданий өзгөрүүлөрдүн натыйжасында пайда болот. Неологизмдер тилди байытып, жаңы түшүнүктөрдү аныктоодо маанилүү роль ойнойт. Бул чыгарылышыбызда сиздер менен биргеликте айрым неологизмдерге көз жүгүртөбүз.

## 1. Инициатива

Келип чыгышы: Латын тилинен алынган "initiare" (баштоо). Азыркы учурда бул сөз башкаларга үлгү болчу демилгени билдирет.
Мисал:
Жаштардын инициативалары коомдун өнүгүүсүнө чоң салым кошот.

## 2. Платформа

Келип чыгышы: Француз тилинен (plate-forme), тегиз аянт деген мааниде колдонулат. Азыр ар кандай санариптик жана социалдык аянтчаларды билдирет.
Мисал:
Zoom жана Google Meet билим берүү үчүн эң популярдуу онлайн платформалар.

## 3. Трансляция

Келип чыгышы: Латын тилинен "translatus" (жеткирүү, алып өтүү). Азыр телевизиондук жана интернет аркылуу берүүдө колдонулат.
Мисал:
Спорттук иш-чаралардын түз трансляциясы YouTube аркылуу көрсөтүлүүдө.

## 4. Тренд

Келип чыгышы: Англис тилинен "trend" (багыт, мода). Азыркы учурда популярдуу болгон нерсени билдирет.
Мисал:
Тик токто жаңы бий тренди пайда болду.

## 5. Публикация

Келип чыгышы: Латын тилинен "publicare" (жарыялоо). Басма сөздө же интернетте жарыяланган материалды билдирет.
Мисал:
Социалдык медиада макала же сүрөт публикациялоо күнүмдүк адатка айланды.

## 6. Обзор

Келип чыгышы: Орус тилинен алынган, ар кандай темада кыскача баяндама же сын-пикирди билдирет.
Мисал:
Технологиялык жабдыктар боюнча обзорлор YouTube каналдарында кеңири көрсөтүлөт.

## 7. Блокчейн-технология

Келип чыгышы: Англисче "blockchain" (блоктор чынжыры). Маалыматты коопсуз сактоочу технология.
Мисал:
Криптовалютанын негизги тирөөчү болуп блокчейн-технологиясы саналат.

## 8. Сетевой доступ

Келип чыгышы: Орусча "сеть" (тор). Интернетке же жергиликтүү тармакка туташуу мүмкүнчүлүгүн билдирет.
Мисал:
Китепканада студенттер үчүн акысыз сетевой доступ түзүлгөн.

## 9. Модернизация

Келип чыгышы: Латын тилинен "modernus" (азыркы, заманбап). Жаңылануунү жана учурдагы талаптарга ылайык өзгөрүүнү билдирет.
Мисал:
Билим берүү системасынын модернизациясы келечек үчүн абдан маанилүү.

## 10. Хэштег

Келип чыгышы: Англис тилинен "hash" (тор белгиси) жана "tag" (белги). Социалдык тармактарда маалыматты сорттоо жана издөө үчүн колдонулат.
Мааниси: Белгилүү бир теманы же мазмунду топтоо үчүн колдонулган ачкыч сөз.

## 11. Контент

Келип чыгышы: Латын тилинен "contentus" (камтуу, мазмун).
Мааниси: Интернеттеги маалыматтардын (видео, сүрөт, текст) жалпы аталышы.

## 12. Инфлюенсер

Келип чыгышы: Англис тилинен "influence" (таасир этүү).
Мааниси: Социалдык медиада чоң аудиторияга таасир эткен адам.

## 13. Криптовалюта

Келип чыгышы: Англис тилинен "crypto" (шифрленген) жана "currency" (валюта).
Мааниси: Санариптик форматта чыгарылган, блокчейн технологиясына негизделген акча бирдиги.

## 14. Лайфхак

Келип чыгышы: Англис тилинен "life" (жашоо) жана "hack" (ичке кирүү, жөнөкөй жол табуу).
Мааниси: Жашоону жеңилдетүүчү пайдалуу кеңеш же ыкма.

## 15. Подкаст

Келип чыгышы: Англис тилинен "iPod" (Apple түзмөгү) жана "broadcast" (эфир берүү).
Мааниси: Тематикалык аудио программалар, билим берүү же көңүл ачуу максатында.

## 16. Стриминг

Келип чыгышы: Англис тилинен "stream" (агым).
Мааниси: Интернет аркылуу жандуу видеотасмаларды берүү.

## 17. Мем

Келип чыгышы: Грек тилинен "mimeme" (кайталоо) деген сөздөн алынган, кийин англисче "meme" болуп кыскарган.
Мааниси: Интернеттеги күлкүлүү сүрөттөр же видеолор, идеяларды жана эмоцияларды чагылдыруу үчүн колдонулат.

## 18. Тренинг

Келип чыгышы: Англис тилинен "training" (машыгуу, билим алуу).
Мааниси: Белгилүү бир көндүмдү же адистикти жакшыртуу үчүн өткөрүлгөн интерактивдүү сабак.

## 19. Виртуалдык фанат


Келип чыгышы: Англис тилинде "virtual" (виртуалдык) жана "fan" (фанат) дегенди түшүндүрөт. Интернет аркылуу белгилүү адамдарды колдоп, пикир жазып, социалдык тармактарда байланышта болгон адам.

## 20. Онлайн

Келип чыгышы: "Онлайн" – англисче "online" (желеде туташуу). Окутуунун санариптик форматын билдирет.
Мисал: Көптөгөн мугалимдер онлайн окутуунун артыкчылыктарын баалады.

**Элена Аданова**

# БИР СҮРӨТТҮН ТАРЫХЫ



## Пабло Пикассонун "Герника" картинасы

"Герника" – бул Пабло Пикассонун эң таасирдүү жана белгилүү чыгармаларынын бири. Ал 1937-жылы Испаниянын Гуэрника шаарындагы трагедиялуу бомбалоого арналган. Бул картина фашизмдин жана согуштун каардуулугун көрсөтүү менен дүйнөлүк маданиятта терең из калтырган.

## Жаралуу тарыхы

1937-жылдын 26-апрелинде Испаниядагы Гуэрника шаары немистердин Люфтваффе аба күчтөрү тарабынан талкаланып, жүздөгөн адамдар набыт болгон. Бул окуя Испаниядагы жарандык согуштун жүрүшүндө Франсиско Франконун режимин колдогон нацисттердин адамзатка каршы кылмышы болгон.

Окуядан кийин Пикассо Испаниянын жумушчу партиясынын сураныч менен Парижде өткөрүлгөн дүйнөлүк көргөзмөгө арналган чоң чыгарманы тартууну чечкен. Ал эки айдын ичинде "Герниканы" жараткан.

## Кызыктуу фактылар

**Монохромдук палитра:**

Картинанын кара, ак жана боз түстөрдө тартылышы өзгөчө мааниге ээ. Бул согуштун кайгы-муңун, өлүмдү жана адамзаттын трагедиясын чагылдырат. "Герника" согуштук зомбулуктун жана бейкүнөө курмандыктардын эл аралык символуна айланган. Бул картина дүйнө жүзүндө фашизмге каршы күрөштүн аллегориясы болуп саналат.

**Сүрөттөгү символдор:**

- Эне жана баласы: Согуштагы карапайым адамдардын кайгысын көрсөтөт.
- Бычак оозунан чыккан жылкы: Жарадар болгон адамдардын кыйкырыгын символдоштурат.
- Чырак жана көздөр: Чындыкты издөөнү жана алдынкы жарыкты чагылдырат.
- Бычактуу бука: Зомбулукту жана кыйратуучу күчтү билдирет.

## Картинанын өлчөмү:

Бул эмгек абдан чоң – 3,5 метр бийиктикте жана 7,8 метр узундукта. Картинанын чоңдугу анын маңызын күчөтүп, көрүүчүнү зор кайгыга туш кылат.

## Пикассонун бергиси келген ою

Пикассо "Герника" аркылуу согуштун кыйратуучу күчүн, адамзатка алып келген азаптарын жана бейкүнөө курмандыктарды көрсөтүүнү каалаган. Бул картинада ал өзүнүн жеке философиясын айкалыштырып, көрүүчүнү кайгыга түшүрүп, ой жүгүртүүгө мажбур кылат. Сүрөттө зомбулук жана кыйратуу чагылдырылганы менен, аны менен катар үмүт символу катары чырак жана жарык тартылган.

## "Герника" бүгүн кайда сакталып турат?

Учурда "Герника" Испаниянын Мадрид шаарындагы "Рейна София" музейинде (Museo Reina Sof a) сакталып турат. Бул музейде Испаниянын заманбап искусствосунун эң көрүнүктүү эмгектери көрсөтүлгөн.

Картинанын дүйнөлүк мааниси: "Герника" согуштун кыргындарына каршы эң күчтүү эмгектердин бири катары каралат. Бул картина көрүүчүлөрдү согуштук зомбулукка каршы ой жүгүртүүгө жана тынчтыкты баалоого чакырат. Ал искусствонун күчү аркылуу дүйнөдөгү коомдук жана саясий өзгөрүүлөргө түрткү бере ала турганын далилдеген чыгармалардын катарында.



Малика Токтосунова

# СӨЗСҮЗ ОКУШУҢУЗ КЕРЕК БОЛГОН 10 ЧЫГАРМА

Китеп – билимдин, руханий азыктын жана чыгармачылык ой жүгүртүүнүн кайнар булагы. Ар бир китепте жашырылган дүйнө бар, аны ачуу – окурмандын деңгээлине байланыштуу. Көркөм чыгармалар ар бир окурмандын жан дүйнөсүн байытып, жаңы дүйнөлөргө жетелеген терең булак болуп эсептелет. Бул макалада биз сиздерге сөзсүз окулууга тийиш болгон 10 көркөм чыгарманы сунуштайбыз. Анда эмесе чыгармалар менен жакындан таанышууга чакырабыз!

**1. Арслан Койчиев (Капай уулу)** «Бакшы менен Чыңгыз хан» чыгармасы. Чыгармада дүйнөнүн төрттөн бир бөлүгүн кылыч менен кыйрата чаап, кыска убакыттын аралыгында империя негиздеген Чыңгыс хандын (Чыңгыз хан) 7 кылымдан кийин арбак ирээтинде жерге келип, өз урпактарынын азыркы абалын көрөт жана алардын көзүнө көрүнүп, акылынан аздырат. Көкө Теңирге сыйынган Чыңгыз хан өз урпактарынын христиан, мусулман, буддист, кечил болгондорун көрүп кейишке түшөт. Ошолордун арасынан жолдош Бактыгерей Избасаровдун өзүнө татыктуу урпак болгондугу кыйыр айтылат.

**2. Мидин Алыбаев** «Ачылбаган кат» аңгемеси. Аңгеме чакан болгону менен кубалаша окуялар, ойдо жок бурулуштар окурманды ойго салып, бүйүрүн кызытат. Сатар менен Керим, Сабира менен Гүлайымдын образдары так, даана ачылат. Аңгемедеги бурулуш окуя согуш башталышы менен өзгөрөт. Гүлайым досу Сабиранын согушка кеткен жигити Сатарга көптөн бери ичине бугуп жүргөн сүйүүсүн кат кылып жазып, согуш талаасына жөнөтөт, бирок кат Сатардын колуна тие электе каза болуп «Ачылбаган кат» менен Сатардын кара кагазы кошо келет. Бактыга жараша Гүлайым катты өрттөп үлгүрөт (Элестетиңиз, сиздин жигитиңизге досуңуз кат жазып жатат).

**3. Мар Байжиев** «Бир тоголок самын» аңгемеси. Бул кыскача аңгемеде Мар Байжиев ат көтөргүс жүк артканга жетишкен. Аңгеме оор башталат: «– Ошентип менин атам киши өлтүргөн» деп. Балалык баё сезимин өлтүргөн мыкаачы атасын жээрип, жыл айланып айлар жылганына карабай, бир кезде өпкөсү шамалдап (суук өтүп) калган кызды алкынды самын менен жуундуруп оорусу ырбап каза болот.

**4. Шайлообек Дүйшеев** "Агындылар" аталышындагы үч томдон турган китеп. Биринчи китепте жазуучунун аруу таза балалыгы боюнча баяндалат. Экинчи китепте болсо жазуучунун мектептеги соңку жылдары, алгачкы сүйүүсү, кыздарга арналып, жүрөктөн чыгып кагазга түшкөн сезим сырлары, аскердеги күндөрү жана андагы жакшы-жаман окуялары камтылган. Эки жылдык аскердик мөөнөт, аскердик жошоонун өзгөчөлүгү, билим алууга болгон аракет жана студенттик доор андан кийинки алгачкы жумуш жана адабий ишмердүүлүктүн башталышы жазылган. Үчүнчү китепте болсо ушул мезгилге чейин жазуучунун "башка түшүп, көз көргөн" окуялары көркөм сүрөттөлөт.

Чыгарма карапайым, жөнөкөй тилде жазылгандыктан ашып-ташкан адабий билимди, илимий даражаны талап кылбайт. Бул чыгырманы окуш үчүн элетте калып кеткен кээ бир эски сөздөрдү билишиңиз керек болот. А калганын тамга таанысаңыз түшүнө берсеңиз.

**5. Качкынбай Осмоналиев** "Көчмөндөр кагылышы". Тарыхый роман десе эле Төлөгөн Касымбековдун "Сынган кылычын" романын эстейбиз. Качкынбай Осмоналиевдин жогоруда аталган романы да тарыхый романдардын сап башында туруп, арка кыргыздарынын падышалык орусияга кошулушу, казак-кыргыз ортосундагы чабыштар, андан сырткары бугу уруусу менен сарыбагыш уруусунун ич ара чыр-чатагы баяндалат. Чыгармада тарыхый: Ормон хан (Ормон опуза), Жантай хан, Атаке баатыр, Шабдан баатыр, Калыгул Олуя жана башка каармандар бар. Баса, чыгармада Курманжан Датка сыяктуу түштүк кыргыздарынын билермандары да баяндалат.

**6. Казат Акматов** "Архат" романы. Миллионунчу болуп төрөлүп, сыйлык ала турган болуп, ата-энесинин башы көккө жетип турганда органда иштеген чиновниктин баласы миллионунчу болуп чыга келиши менен адилетсиздикке кабылган Адилет чыгырманын башкы каарманы. Өзүнүн көз карашы, пикири жана жазган дилбаяндары үчүн бир эмес бир нече жолу мектептен чагарылат, ал арада жөөттөр каржылаган мектепке да окуйт. Жакын тууган агасынын жардамы менен акыры Тибеттеги кечил мектебине барып кирет. Ал жерде катардагы кечилден баштап далай лама даражасына чейин жетет, жана Тибеттеги экинин бири болгон мамлекеттик даражага чейин жетет. Чыгармадагы эң кызык нерсе үчүнчү көз идеясы, баш каарман Адилеттин үчүнчү көзү ачылат. Үчүнчү көздүн касиети адамдын ички оюн окуй алат жана адамдын өзүмчүлдүгүн (ЕГО) күчөтүп, азайта алат. Адилет (кечил болгондон кийинки аты Мани Ясо) үчүнчү көздү туура да туура эмес да жакка пайдаланат.Мындан аркысы сизге табышмак болсун.

**7. Чыңгыз Айтматовтун** "Бетме-бет" повестин окудуңуз беле? Валентин Распутиндин "Эсен болуп эстей жүр" ("Живи и помни") чыгармасын окусаңыз бул эки чыгарманын бири-бирине окшоштугуна таң каласыз. Бул эки автор бири-бири менен кеңешип алып жазышкандай. Экөө тең согуш качкындарынын тагдырын баяндашат. Айырмасы Ысмайыл жарым жашка чыкпаган баласын сагынса, Распутиндин каарманы согуштан качып жүрсө жубайы кош бойлуу болуп калат. Чыгарманын чиеленишкен жери ушул жерден башталат. Ысмайыл үй уурдап колго түшсө, аялынын кош бойлуу болгонунан согуш качкынынын айылында жүргөнүн байкашат жана жубайынын артынын түшүшөт. Кызыгы баш каармандын жубайы жолдошун сатканда көрө өлгөндү артык көрүп кош бойлуу абалында сууга чөгүп өлөт. Чыгарманын соңу да кызык болот... Окуйсузбу?

**8.** Ырчы, обончу жана аткаруучу **Түгөлбай Казаковдун** "Эсимде" чыгармасын да окууга сунуштайм. Биз аны ырчы, обончу жана маданият кызматкери катары гана көргөнүбүз менен ал кара сөздүн устасы катары да өзүн далилдей алган. Балалык күндөрүнөн баштап азыркы күнгө чейинки өмүр жолун көркөм сөздүн күчү менен эң сонун сүрөттөгөн. Ырлары, обондору кантип жазылганын да баяндаган.

**9.Зайырбек Ажыматовтун** көзү өткөндөн кийин демилгечилер тарабынан фейсбукка жарыялаган таржымалдарын жана күндөлүктөрүн чогултуп " Датасы жок күндөр" деген аталыш менен чыккан китеби да окубай койсо болбой турган китептердин бири. Мен аны узак баяндап олтурбай эле үзүндү берейин:«Азыр адам эмес, акча жашап жатат», - дейт бир агабыз. Ошондо бизге окшогон бирде акчасы бар, бирде сокур тыйыны жок жүргөндөр «өлүп тирилгендер» болуп калабы?"

**10.Султан Раевдин** "Пусу" аңгемелер жыйнагын да кышкы каникулда окусаңыз убактыңыз текке кетпейт. Анын ичинен "Кар" аңгемеси башка аңгемелерден өзгөчө таасир калтырышына ишеничтүү айта алам.

**К. Абдиманап уулу**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# СЕССИЯГА САРЕСЕП

Сессия — студенттик жашоонун ажырагыс бөлүгү жана ар бир студенттин билим алгандыгын баалоочу маанилүү этап. Экзамендердин алдында студенттердин жүрөгүнөн өтө көп сезимдер өтөт: коркуу, кайгы жана үмүт. Бул сезимдердин ичинен сессияга болгон даярдык жана анын өтүүсү жашоонун бир сыноосуна айланып, адамдын чындыкка көз карашын жана өзүнө болгон ишенимин өзгөртөт. Ар бир студенттин жок дегенде 1 жолку экзамен тапшырганы эсинде болсо керек. Бул чыгарылышта эгзамендин келип чыгуу тарыхы жана маанилүүлүгү жөнүндө сөз кылабыз. Макалабызды өзгөчө экзамен тапшырган студент досубуздун окуясы менен баштайбыз.

## Биринчи жолу

Студенттик жашоо — бул билимди гана эмес, сабырдуулук жана уюштуруу жөндөмүн талап кылган кызыктуу жана жоопкерчиликтүү мезгил. Сессия башталган учурда 1-курс студенттеринин көбү сыноолордун маанисин жана талаптарын жакшы түшүнө бербейт. Менин да сессияга болгон алгачкы тажрыйбам ушул нерсени көрсөтүп турду.

Дүйшөмбү күнү математика сабагынан экзамен тапшыруубуз керек болчу. Жекшемби күнү кечке даярданып, түнү менен бир баракты кичинекей кылып кыркып, бир семестрде өткөн темаларды, формулалардын баарын жыйнап, шпаргалка даярдадым. Ар бир формуланы майда жазып, баракты кылдат уюштуруу көп убакытты алды, бирок ошол эле учурда бул иш даярдык процессин күчөттү.

Экзамен күнү мугалим телефондорубузду алып, ар бирибизге билет берди. Мен билеттеги суроолордун көбүнө жоопторду билсем да, бир нече жерде тактык үчүн шпаргалкага көз жүгүртүүнү чечтим. Бирок аны карап жатканымды мугалим байкап калды. Ал мени жанына чакырып: «Колуңдагы эмне?» — деп сурады. Мен толкунданып, даярдап алган кичинекей шпаргалкамды сундум. Аябай коркуп, “Экзаменден чыгарып жиберсе эмне кылам? Төмөн баа алсамчы?” деген ой менен турдум. Бирок мугалим менин барагымды көрүп таң калды. Ал шпаргалканы карап: «Кантип ушунча формуланы ушул кичинекей баракка батырдың? Тизип жазганыңды кара! Сен бул баракты даярдайм деп баарын кайталап чыккан окшойсуң» — деп айтты. Ал мени экзаменден бошотуп, жыйынтыгында эң жогорку баа койду. Бул окуя мага даярдык процессинин канчалык маанилүү экенин жана туура мамиле менен кандайдыр бир кыйынчылыкты жеңсе болорун көрсөттү.

## Экзамендердин тарыхый өнүгүүсү

Экзамен — бул билимди, жөндөмдөрдү жана чеберчиликти текшерүүнүн эң негизги формаларынын бири. Анын тарыхы байыркы замандарга барып такалат жана ар кайсы маданияттарда өз алдынча өнүккөн. Бул системанын башаты Кытайдагы Тан династиясынан (б.з.ч. 605-жыл) башталат. Ал учурда “Императордук экзамен” мамлекеттик кызматкерлерди тандоо үчүн колдонулган. Бул практика коомдук башкаруу үчүн компетенттүү кадрларды табуунун алгачкы жолу болгон.

Европа университеттеринде экзамендер XII–XIII кылымдарда пайда болгон. Болонья, Париж жана Оксфорд университеттери билимди текшерүүдө оозеки жана жазуу түрүндөгү сыноолорду колдоно баштаган. Мында студенттердин алган билимин гана эмес, анын тереңдигин жана практикалык колдоно билүүсүн да текшерүү максаты коюлган.

XVIII кылымдан тарта Европанын университеттеринде “сессия” түшүнүгү жайылып, экзамендерди белгилүү бир убакытка чогултуп уюштуруу системасы киргизилген. Ал эми Россияда сессия системасы XIX кылымда университеттердин жана гимназиялардын ишмердүүлүгү менен башталган. Окуу жылында эки жолу — кышкы жана жайкы сессия учурунда — студенттер экзамен тапшырышкан.

Орто кылымдарда ислам дүйнөсүндө да билимди текшерүүнүн өзгөчө системалары иштелип чыккан. Медреселерде математика, медицина жана философия боюнча сыноолор жүргүзүлүп, бул жаатта эң мыкты адистерди даярдоо иши колго алынган.

## Психологиялык таасири

Экзамендердин негизги максатынан тышкары, алардын психологиялык таасири да маанилүү. Студенттердин экзаменге болгон даярдыгы жана андан кийинки эмоциялары, алардын окуу процессине болгон мамилесин, мотивациясын жана өзүнө болгон ишенимин түзөт. Стресс жана тынчсыздануу экзамен учурунда натыйжалуу иштөөгө тоскоол болушу мүмкүн, ошондуктан экзаменге даярдануунун уюштурулган жана акылдуу жолдору психологиялык жактан да ийгиликтерге жетүүгө жардам берет.

## Өзгөрүшү

Совет мезгилинде экзамендердин форматы жана талаптары дагы бир топ өзгөргөн. Студенттердин билим деңгээлин баалоо үчүн бир нече деңгээлдеги экзамендер, анын ичинде жалпы билим берүү тесттери жана аңгемелешүүлөр колдонулуп келген. Кийинки мезгилде, ар кандай университеттер жана билим берүү мекемелери экзамендерди түрдүү форматтарда жүргүзүп, заманбап технологияларды да колдонушууда. Мисалы, электрондук тесттер, онлайн экзамендер жана автоматташтырылган баалоо системалары экзамендерди дагы да ачык жана эффективдүү кылуу максатында киргизилген.

Экзамендер жана сессиялар билим берүү системасындагы бирдиктүү жана зарыл элементтер болуп саналат. Алар студенттердин билим деңгээлин текшерүү менен катар, окутуучуларга да курстардын мазмунун жана окутуу методикасын кайра карап чыгууга мүмкүндүк берет. Сессиялар — бул жалпы окуу процессинин акыркы чекити эмес, студенттердин өзүн-өзү баалоо жана жакшыртуу мүмкүнчүлүгү. Мындан сырткары, экзамендердин натыйжалары, көбүнчө, университеттердеги билим берүү сапатын өркүндөтүү үчүн колдонулуп, билим берүү саясатын өзгөртүүгө түрткү берет.

## Келечектеги ролу

Билим берүү системасынын жана коомдун өнүгүшү менен экзамендердин форматы жана мазмуну өзгөрүүдө. Жаңы технологиялардын пайда болушу менен, онлайн-экзамендер жана автоматташтырылган баалоо системалары дагы кеңири колдонулуп жатат. Мында дагы студенттердин ар бир кадамын жөндөп, алардын чыныгы билим деңгээлин аныктоо талаптары чоң. Алсак, билим берүүдө жасалма интеллект жана чоң маалыматтар (Big Data) колдонулуп, экзамендердин натыйжаларын алдын ала предсказдоо жана студенттердин өнүгүүсүн болжолдоо мүмкүнчүлүктөрү пайда болууда. Экзамендердин келечекте дагы кантип иштей турганы жана коомдогу ролу кандай болору азыркы билим берүү трендерине таянып, ар кандай форматтарда өзгөрүшү мүмкүн.

Экзамендер жана сессиялар миңдеген жылдар бою өзгөрүүлөргө учураса да, алардын негизги максаты бир: билим деңгээлин баалоо жана аны үзгүлтүксүз өркүндөтүү. Бүгүнкү күндө алар билим берүү системасынын ажырагыс бөлүгү катары өз маанисин сактап келет.

**Малика Токтосунова**

# Котормо

## Илимпоз менен кайыкчы

*Бир илимпоз бой көтөргөн ашкере,*
*Бара жатып кайык менен шашкеде:*
*«Деги, тууган, окуп, билим алдыңбы?»*
*Деп күтүүсүз кайыкчыга кайрылды.*

*Жоош кайыкчы анда минтип салмактуу*
*Жооп кайтарды сыр жашырбай: «Ардактуу*
*Таксыр, менин билимим жок, чынында*
*Такыр китеп окубапмын ырымга».*

*Менменсинип окумуштуу ансайын,*
*Мындай деди: «Мен ачыгын айтайын,*
*Өттөй ачуу бул чындыкты эшит, бил*
*Өмүрүңдүн теңи текке кетиптир!»*

*Кантсин берки, намыстанып кичине,*
*Кайра чыдап тилин катты тишине...*
*Ал ортодо бороон келип батыштан,*
*Аңтар-теңтер кылып баарын капыстан,*

*Бир заматта укмуш мүшкүл түшүрдү,*
*Байкуштардын үрөйлөрүн учурду.*
*Жанын үрөп, толкун менен алышкан,*
*Жоош кайыкчы бир убакта: «Даанышман,*

*Деги сууда билесиңби сүзгөндү?»*
*Десе, берки: «Жок, билбейм»,- деп ийменди.*
*«Байкуш, анда»,- деп кайыкчы жылмайды*
*Бүт өмүрүң текке кетет турбайбы!»*



*Автор: Мевлана Желаледдин Руми*
*Которгон: Алтынбек Исмаилов*

## Пил

*Көрсөтөм деп индус пилди далайга,*
*Камап салды капкараңгы сарайга.*
*Агын суулар толтургандай кобулду,*
*Анан пилге кызыккандар чогулду.*

*Кайран сарай, бирок көөдөй караңгы,*
*Көрүп болбойт көзгө сайган адамды!*
*Айла канча, пайдаланып акылын,*
*Алар пилди сыйпалашты акырын.*

*Тумшугунан кармап көрүп бирөөсү:*
*«Түтүк сымал жандык» - десе,- «пил өзү»,*
*Бирөө айтты сылап-сыйпап кулагын:*
*«Бу пил деген желпигич го, чырагым»!*

*Анда минтет бут кармаган чукчуңдай:*
*«Ай, койсоңчу, жандык экен устундай»!*
*Жондон сылап, да бирөөсү муңайган:*
*«Жок, тактыга окшош» - деди, «бул айбан»!*

*Айтор, пилдин сыйпалап бүт денесин,*
*Ар ким айтты окшоштурган элесин.*
*Ар кыл элес пайда кылып талашты,*
*Анан алар келишалбай тарашты!*

*Бирөө-жарым шам жакканда шарт ушу,*
*Болмок эмес мындай талаш-тартышуу...*

## Жүзүм

*Төрт кишиге көчө бойлоп басышкан,*
*Кимдир бирөө дирхем берди капыстан.*
*Колго тийген оңой олжо курусун,*
*Кагыштырды тигил менен мунусун...*

*Айтат перси: «Бул акчага жанагы,*
*Абдан ширин ангур сатып алалы».*
*Анда араб кабыл албай кеңешти:*
*«Аныңды кой, эйнаб жеймин»,- дебеспи.*

*Түрк кызаңдап сөз талашты: «Булардан*
*жүзүм сонун, жеп чыгалы кумардан!»*
*Грек турду: «Мунун баары сандырак,*
*Стафиль жейм, моокумуңду кандырат!»*

*Айтор, алар бир пикирге келалбай,*
*Араздашты айткандарын жей албай.*
*Анан муштум «чоң кызматка» жарады,*
*Акмактардын оозу-мурду канады!*

*Кабылдашса окшош ойду тескери,*
*Кантмек эле, оойт албетте, эстери...*
*Ал анткени "жүзүм жейм" деп дилинде,*
*Айткан болчу ар ким эне тилинде.*

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси
**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ
**Редактордун орун басары:**
Элена Аданова

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Малика Токтосунова
Майрам Шарип кызы
Эльнура Кудайбердиева
Таттыбүбү Гуламова
Шадияна Аскарова
Айганыш Нурлан кызы
Гүлзар Максытали кызы
**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902